# Тилек бата

сөзү: Нурдан Кожогулов
аткаруучу: Мукарам Мамадинова

Ар намысың туүң болсун көтөргөн,
Нарктуулугун элим болсун өстүргөн.
Салттулугуң кылымдарды карыткан,
Батаң болсун эл жер үчүн айтылган.
Кайырма
Бирик кыргыз бириндебей сай-сайда,
Жүрөк согуп көкүрөктө жан барда.
Тизе бүкпө мөгдүрөбө душманга,
Бийик көтөр асабагаңды намысыңды бек карма.
Кайырма
Сырың болсун душманыңдан жашырган,
Ырың болсун чын жүрөктөн жазылган.
Сабырыбыз бекем болсун болоттой,
Жүзүбүздөн ыйман нуру чачылган.
Кайырма
Тилегибиз ой максаттар бир болсун,
Мелт-калт болуп ырыскыбыз жык толсун.
Адал мээнет жаратканга жаккандай,
Ар бир саатың, ар бир күнүң сый болсун.
Кайырма